**Электрондук добуш берүүнүн тартиби жөнүндө**
**НУСКАМА**

Пилоттук режимде электрондук добуш берүү Баткен облусунун Баткен районундагы Самаркандек, Ак-Сай жана Ак-Татыр айылдык кеңештеринин депутаттарын шайлоодо апробацияланат.

Электрондук добуш берүүгө жергиликтүү жамааттын мүчөсү, жогоруда аталган үч айыл аймактарында туруктуу катталууда турган, бирок шайлоо күнү шайлоо участкасында добуш берүүгө мүмкүнчүлүгү жок Кыргыз Республикасынын жараны катыша алат.

Электрондук добуш берүүгө катышуу үчүн электрондук добуш берүүгө катышуучулардын тизмесине киргизилген шайлоочунун төмөндөгү аракеттерди аткаруусу зарыл:

**1-кадам.**

Мобилдик жабдуу аркылуу добуш берүү үчүн PlayMarket/AppStore тиркемесинен **«Менин шайлоом»** мобилдик тиркемесин көчүрүп алуусу зарыл.

Эгерде Сиз жеке компьютерди же ноутбукту пайдалансаңыз, анда **dobush.shailoo.gov.kg** – элекрондук добуш берүү баракчасына кириңиз же болбосо ага Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайты – **shailoo.gov.kg** аркылуу өтүңүз.




**2-кадам.**

Добуш берүү жол-жобосун баштоо үчүн мобилдик жабдуудагы же болбосо электрондук добуш берүү баракчасындагы «Добуш берүүгө өтүү» кнопкасын басыңыз.




Мындай учурда шайлоочу жеке жана биометрикалык маалыматтар боюнча идентификациядан өтүүсү зарыл.

Бул үчүн шайлоочу паспортунда көрсөтүлгөн жана 14 сандан турган өзүнүн ПИНдин – жеке идентификациялык номерин кол менен киргизүүсү зарыл.




Электрондук кол тамгасы бар болгон учурда шайлоочу аны киргизүү аркылуу өзүнүн ким экендигин тастыктайт.




Эгерде шайлоочуда электрондук кол тамгасы жок болсо, ал «биометрикалык идентификацияга өтүү (Face-ID)» кнопкасын басуу менен шыр эле өң-түзүнүн геометриясы боюнча биометрикалык идентификациялоо жол-жобосуна өтө алат.




Идентификациялоодон ийгиликтүү өткөндөн кийин жабдуунун экранында шайлоо округу көрсөтүлүү менен Сиздин маалыматтар жана сүрөт чагылдырылат.




**3-кадам.**

Идентификациялоо жол-жобосунан өткөндөн кийин «Баштоо» деген кнопканы басуу менен добуш берүүгө киришүүгө болот.




Жабдуунун экранында талапкерлердин сүрөттөрү жана тизмеси менен Сиздин шайлоо округдун электрондук бюллетени чагылдырылат. Талапкерлердин фамилиялары, аттары жана атасынын аттары алфавиттик тартипте жайгаштырылган болот.




Сиз добуш бере турган талапкерлердин санынын чеги көрсөтүлгөн электрондук бюллетендин маалыматтык бөлүгүнө көңүл буруңуз. Талапкерлердин көрсөтүлгөн саны Сиздин шайлоо округуңуздагы депутаттык мандаттын санына ылайык келет.




Талапкерлер менен таанышкандан кийин тандап алган талапкерге же болбосо «Бардык талапкерлерге каршы» позициясына белги коюу зарыл.

Андан кийин шайлоочу «Тандоо» кнопкасын басат.




Эгерде Сиз өзүңүздүн тандоону тактагыңыз келген учурда, «Артка кайтуу» кнопкасын басуу менен артка кайрылып, талапкерлердин позициясын кайрадан белгилесеңиз болот.




Андан кийин жабдуунун экранында сиз белги койгон талапкерлердин тизмеси чыгат. «Добуш берүү» кнопкасын басуу менен Сиз добуш берүүнү аяктайсыз.

Көңүл буруңуз!

Добуш берүү аяктагандан кийин система автоматтык түрдө добуштарды корутунду эсептөөдө Сиздин добуштун эсебин текшерүү үчүн контролдук кодду түзөт.

«Жүктөп алуу» кнопкасын басуу менен Сиз өзүңүздүн добуштун шифрын сактап алсаңыз болот.




Мында Сиздин добуш жөнүндө маалыматтар шифрленген түрдө берилет жана серверде сакталуу турат.

Добуш берүүнүн купуялуулугу кепилдендирилет!